ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 330.101.541 (+5752):339.924 DOI:10.35803/1694-5298.2021.3.480-485

**МАШАЕВА А.Т., БАПАЛИЕВ К.О.**
[1]КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

**MASHAEVA A.T., BAPALIEV K.O.**
[1]KSUCTA n.a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
aivara7979@mail.ru kalybek72@mail.ru

# ПАНДЕМИЯНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ ПАНДЕМИИ НА МАКРОЭКОНОМИЧЕСКИЕ ПОКАЗАТЕЛИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# IMPACT OF THE PANDEMIC ON MACROECONOMIC INDICATORS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*Бул макалада бүткүл дүйнөнү каптаган «COVID-19» вирусуна байланышкан пандемиянын Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасири каралган. Пандемиянын эң орчундуу соккусу эл аралык соода-сатыкка тийди. Локдуандан кийинки эл аралык соода-сатык бир топ жылдарга артка сүрүлдү, аны калыбына келтирүү жана баштапкы көрсөткүчкө жеткирүү үчүн бир канча жылдар талап кылынаары айтпаса деле белгилүү.*

*Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун билдирүүсү боюнча пандемияны женүүнүн бирден бир жолу болуп коллективдүү иммунитетти пайда кылуу болуп саналат. Коллективдүү иммуниттети пайда кылуу үчүн жалпы калктын 70 пайызы «COVID-19» вирусуна каршы эмдөөдөн өтүүсү зарыл.*

***Ачкыч сөздөр:*** *"COVID-19", макроэкономика, пандемия, локдаун, эл аралык соода-сатык, вирус, эмдөө, коллективдүү иммунитет.*

*В этой статье рассматривается влияние глобальной пандемии COVID-19 на макроэкономические показатели Кыргызской Республики. Пандемия принес наиболее существенный урон международной торговле. Международная торговля отброшена на несколько лет назад в результате «локдауна», для восстановления международной торговли потребуются не малые усилия и времени.*

*По мнению Всемирной организации здравоохранения, единственный способ преодолеть пандемию - это создать коллективный иммунитет. Чтобы развить коллективный иммунитет, минимум 70 процентов населения должны быть вакцинированы против вируса COVID-19.*

***Ключевые слова:*** *"COVID-19", макроэкономика, пандемия, локдаун, международная торговля, вирус, вакцинация, коллективный иммунитет.*

*This article examines the impact of the global COVID-19 pandemic on the macroeconomic performance of the Kyrgyz Republic. The pandemic has caused the most significant damage to international trade. International trade has been pushed back several years as a result of the lockdown, and it will take no small effort and time to restore international trade.*

*According to the World Health Organization, the only way to overcome the pandemic is to create herd immunity. To develop herd immunity, at least 70 percent of the population must be vaccinated against the COVID-19 virus.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

***Keywords:*** *"COVID-19", macroeconomics, pandemic, lockdown, international tra virus, vaccination, herd immunity*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

.

**Киришүү.** Макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн туруктуу өнүгүүсү үчүн көптөгөн факторлордун өз ара келишүүсү зарыл. Кыргыз Республикасынын экономикасынын калыптануусу жана өнүгүүсү тышкы соода-сатыкка, инвестицияга, чет элдик жаны техника жана технологияларга түздөн-түз көз каранды. Ошого байланыштуу жер жүзүн бүтүндөй өз кулачына камтыган «COVID-19» - аттуу оруунун кесепеттери биздин өлкөнүнүн макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн басаңдашына алып келди.

**Макаланын максаты** «COVID-19» вирусунан келип чыккан пандемиянын кесепети канчалык денгээлде Кыргыз Республикасынын экономикасына таасир бергендигин жана макроэкономикалык кандай көрсөткучтөргө алып келгендигин аныктоо.

**Аналитикалык бөлүм.** Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө "COVID-19"дун үчүнчү толкунун баштан кечирип жаткан кези. Бүткүл дүйнө элин каптаган пандемия экономикага, коомдук жашоого, туризмге ж.б.у.с. реалдуу жащоого өзүнүн залакасын тийгизип жаткан учуру.

Пандемиянын эң чоң соккусу деп эл аралык сооданын, эл аралык катнаштын жана глобалдашуунун өнүгүү денгээлин бир топ жыл артка таштагандыгын баса белгилеп кетсек болот. Андан сырткары элдерди вакцинациялоонун жүрүшү глобалдашуунун канчалык деңгээлде керектигин, канчалык деңгээлде дүйнөлүк интеграцияга баруу керек деген суроолорду кабыргасынан койгондой болду.

Ушул жерден баса белгип кетүүчү жагдай болуп дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрү өз экономикасын тез калбына келтирүү максатында калкты вакцинациялоону биринчилерден болуп баштап, тартыш болуп турган вакциналарды өнүгүп келек жаткан өлкөлөргө саналуу өлчөмдө гана берип турууну туура көрүштү.

Бул макалада "COVID-19" оруусу Кыргыз Республикасынын экономикасына канчалык деңгээлде терс таасирин тийгизгендигин анализдөөгө багытталган.

Анализди Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистикалык комитетинин официалдык интернет баракчасынан алынган маалыматтар менен коштолду.

Анализге Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин акыркы үч жыл аралыгындагы социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү алынды таблица 1. [1]

Таблица 1 - Кыргыз Республикасынын 2018-2020-жылдар аралыгындагы социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү

| | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт, млн. сом | 567385,6 | 590042,2 | 598344,5 |
| анын ичинен «Кумтор»ду кошпогондо, млн сом | 523432,4 | 543322,8 | 529906,7 |
| Өндүрүш продукциясынын көлөмү – бардыгы, млн. сом | 260584,7 | 278565 | 319380,2 |
| анын ичинен «Кумтор» кошпогондо | 146467,8 | 149397,2 | 147829,1 |
| Айыл чарба, токой чарба жана өндүрүүнүн жалпы көлөмү, млн. сом | 204 969,90 | 219966,7 | 247298,2 |
| Негизги капиталды инвестициялоо, млн. сом | 151 467,90 | 161790,8 | 122858,7 |
| Курулуш продукциясынын жалпы көлөмү, млн. сом | 165 914,90 | 171887,8 | 145723,9 |
| Керектөө баасынын индекси | 101,5 | 103,1 | 109,7 |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң. адам | 70,9 | 76,1 | 94,2 |
| Бир жумушчунун орточо номиналдык айлыгы, сом | 15 745 | 16586 | 17956 |
| Тышкы соода-сатык көлөмү, млн. доллар США | 7128,8 | 6218,8 | 5100,9 |

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

| | | | |
|---|---|---|---|
| Экспорт, млн. доллар США | 1836,8 | 1737,9 | 1796,[illegible] |
| Импорт, млн. доллар США | 5 292,00 | 4480,9 | 3304,4 |

Кыргыз Республикасынын 2018-2020-жылдар аралыгындагы социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнө назар салуунун негизинде, ички дүң продукт 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 8302,3 млн. сомго көп өндүрүлгөн, ошол эле учурда 2019-жылы 2018-жылга салыштырмалуу ички дүң продуктунун өсүшү 22656,6 млн.сомду түзгөн, б.а. абсолюттук көрсөткүчтүн өсүү темпи 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 2,7 эсеге аз болгон.

Кыргыз Республикасынын 2018-2020-жылдар аралыгындагы социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн ичинен айыл чарба, токой чарба жана өндүрүүнүн жалпы көлөмү жылдан жылга жогорулоону көрсөтүп турат. 2019-жылы 2018-жылга салыштырмалуу айыл чарба, токой чарба жана өндүрүүнүн жалпы көлөмү абсолюттук мерчем менен 14996,8 млн. сомго өскөн болсо, ал эми 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 27331,5 млн. сомго өскөн.

Ушул эле көрсөткүчтөрдү салыштырмалуу мерчем менен карап көрсөк, анда 2019-жылы 2018-жылга карата айыл чарба, токой чарба жана өндүрүүнүн жалпы көлөмү 7,3 пайызга өссө, ал эми 2020-жылы 2019-жылга салыштымалуу 12,4 пайызга өскөн.

Эми керектөө баасынын индексине келсек 2020-жылы 109,7 ге барабар болсо, 2019-жылы 103,1 түзгөн, ал эми 2018-жылы 101,5ке барабар болгон. Салыштырмалуу өсүү темпине көз чаптырсак 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 6,7 пунктка жогору болуп, акыркы үч жылдыктын эң жогорку көрсөткүчүнө ээ болгон, ал эми 2019-жылы 2018-жылга 1,6 га пункта жогору болгон. Мындай жогорулоонун бирден-бир себеби деп пандемиянын тийгизген таасирин айта кетсек болот.

Пандемия учурунда баанын жогорулашын утурлай жумушсуздук да күчөгөн, тагыраак айтканда 2020-жылы жумушсуз деп 94200 адам официалдуу түрдө катталган болсо, бул көрсөткуч 2019-жылга салыштырмалуу 18100 адамга көбөйгөндугун айгинелейт, ал эми 2018-жылга салыштырмалуу 23300 адамга көбөйгөн.

Андан сырткары каралып жаткан акыркы үч жыл аралыгында тышкы соода-сатык көлөмү да соолгундап бара жатканын байкаса болот, б.а. 2020-жылы тышкы соода-сатыктын көлөмү болгону 5100,9 млн. доллар (США) түзгөн болсо, 2019-жылы тышкы соода-сатыктын көлөмү 2020-жылга салыштырмалуу 1117,9 млн. долларга (США) көбүрөөк жүргүзүлгөн, ал эми 2018-жылы 2020-жылга салыштырмалуу 2027,9 млн. долларга (США) көбүрөөк ишке ашырылган.

Ошол эле учурда импорттун көлөмү тышкы соода-сатыктын көлөмүнө утурлай жыл сайын төмөндөшүн байкаса болот, ал эми экспорттун көлөмү 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 58,9 млн. долларга (США) өскөндүгүн байкаса болот.

Экспорттун эң жогорку көрсөткүчү Улуу Британияга алтын сатуу менен байланышкан, б.а. алтындын Улуу Британияга экспортоонун көлөмү 50 пайыздан жогору болгон.

Андан кийинки ири экспортоочулар болуп Россия кийим, пахта буласы, Казахстанга баалуу металлдардын рудасы жана концентраттары, сүт азыктары, Түркияга пахта буласы, жашылча жана мөмө-жемиштери жөнөтүлгөн.

2020-жылга карата болгон Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнү негизги көрсөткүчтөрү 2-таблицада чагылдырылган.

Таблица 2 - Кыргыз Республикасынын 2020-жылындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

| | Иш | 2020-жыл 2019- | 2019-жыл | Четтөө |
|---|---|---|---|---|

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

| | жүзүндө | жылга карата % менен | 2018-жылга | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| Ички дүң продукт, млн.сом | 598344,5 | 101,4 | 104,0 | -2,6 |
| Анын ичинен «Кумтор»ду кошпогондо, млн. сом | 529906,7 | 97,5 | 103,8 | -6,3 |
| Өндүрүш продукциясынын көлөмү – бардыгы, млн. сом | 319380,2 | 114,7 | 106,9 | 7,8 |
| Анын ичинен «Кумтор» кошпогондо, млн. сом | 147829,1 | 99,0 | 102,0 | -3,0 |
| Айыл чарба, токой чарба жана өндүрүүнүн жалпы көлөмү, млн. сом | 247 298,20 | 112,4 | 107,3 | 5,1 |
| Негизги капиталды инвестициялоо, млн сом | 122858,7 | 75,9 | 106,8 | -30,9 |
| Курулуш продукциясынын жалпы көлөмү, млн.сом | 145723,9 | 84,8 | 103,6 | -18,8 |
| Керектөө баасынын индекси | 109,7 | 106,4 | 107,3 | -0,9 |
| Катталган жумушсуздардын саны, мин. адам | 94,4 | 123,8 | 107,3 | 16,5 |
| Бир жумушчунун орточо номиналдык айлыгы, сом | 17956 | 108,3 | 105,3 | 2,9 |
| Тышкы соода-сатык көлөмү, млн. доллар США | 5100,9 | 82,0 | 87,2 | -5,2 |
| Экспорт, млн. доллар США | 1796,5 | 103,4 | 94,6 | 8,8 |
| Импорт, млн. доллар США | 3304,40 | 73,7 | 84,7 | -10,9 |

Кыргыз Республикасынын 2020-жылындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү 2019-жылга карата өнүгүүсү боюнча ички дүң продукту 1,4 пайызга өсүп, бирок 2019-жылдын 2018-жылга карата өнүгүүсүнөн 2,6 пайыздык пунктка төмөн болгонун көрөбүз.

Башка бардык шарттарды бирдей деп кабыл алган жагдай менен Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү 2019-жылга салыштырмалуу өндүрүш продукцияларынын көлөмү 14,7 пайызга, айыл чарба, токой чарба жана өндүрүүнүн жалпы көлөмү 12,4 пайызга, бир жумушчунун орточо номиналдык айлыгы 8,3 пайызга жана экспорттун көлөмү 3,4 пайызга өскөнүн жогорку 2-таблицадан көрсөк болот.

Өндүрүш продукциясынын көлөмү «Кумторду» кошпогондо 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 1 пайызга, негизги капиталды инвестициялоо 24,1 пайызга,курулуш тармагы 15,2 пайызга жана тышкы соода-сатыктын көлөмү 18 пайызга төмөндөгөн.

Андан сырткары жумушсуздук күчөп, керектөө баасынын индекси өскөн. Официалдуу түрдө катталган жумушсуздуктун саны 2020-жылы 94400 адамды түзүп 2019-жылга салыштырмалуу 23,8 пайызга өскөн, ал эми керектөө баасынын индекси 6,4 пайызга өскөн, бул көрсөткүч 2019-жыл менен 2018-жылга салыштырмалуу 0,9 пайызга төмөндөгөн.

Жогорудагы 2-таблицанын негизги жыйынтыктарына таянып 2020-жылдын 2019-жылга салыштырмалуу өнүгүүсү 2019-жылдын 2018-жылга салыштырмалуу өнүгүүсүнө салыштырмалуу ички дүң продукт 2,4 пайызга, «Кумторду» эске албаганда 6,3 пайызга төмөндөгөн, ал эми өндүрүш продукциясынын көлөмү «Кумторду» кошуп эсептегенде 14,7 өссө, «Кумторду» кошпой эсептеген учурда 3 пайызга төмөндөгөнүн көрөбүз.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Айыл чарба, токой чарба жана өндүрүү көлөмү 2019-жылга салыштырмалуу 2020 жылдагы өсүү 2018-жылга салыштырмалуу 2019-жылдагы өсүүгө караганда 5,1 пайызга өскөнүн байкоого болот.

2020-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн эң төмөнкү көрсөткүчү болуп негизги капиталды инвестициялоо болду, анткени анын өсүү 2020-жылдын 2019-жылга карата өнүгүүсүнүн деңгээли 2019-жылдын 2018-жылга салыштырмалуу өсүү көлөмүнүнөн 30,9 пайызга төмөн болгон, бул өз учурунда келечектеги пайданын төмөндөшүнө алып келүүсүн шарттайт.

Өз кезегинеде курулуш тармагы да өзүнүн өсүү темпин басандатып 2020-жылдын 2019-жылга салыштырмалуу өсүүсү 2019-жылдын 2018-жылга карата болгон өсүүсүнөн 18,8 пайызга төмөн болгон.

Жыйынтыктап айтканда Кыргыз Республикасы экономикасы үчүн «COVID-19» илдети чон залакасын тийгизди, атай кетсек:

1. Ички дүң продуктунун өсүү көлөмү басаңдады, «Кумторду» кошпой эсептегенде 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 2,5 пайызга төмөндөгөн;
2. Негизги капиталды инвестициялоо 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 24,1 пайызга аз болгон;
3. Курулуш тармагыны өндүргөн продукциясынын көлөмү 15,2 пайызга азайган;
4. Керектөө баасынын индекси 9,7 пайызга өскөн;
5. Катталган жумушсуздуктун саны 23,8 пайызга өскөн;
6. Тышкы соода-сатык көлөмү 18 пайызга төмөндөгөнүн байкоого болот.

Үстүбүздөгү 2021-жылда «COVID-19» илдетинин таасиринин астында уланып жатканын байкоого болот, ошого улай продуктулардын, күйүүчү майдын, курулуш материалдарынын баасынын өсүшү жумушсуздуктун күчөп жатканы менен коштолушу жатат. Көптөгөн дүйнөлүк эксперттердин айтуусуна таянсак пандемиянын кесепеттин биринчи кезек өнүгүп келе жаткан өлкөлөр тартышат, анткени өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө экономиканы стабилдештирүү үчүн сакталган каражаттын жоктугу, вакцинациялоонун кечеңдеши жана инвестициялык активдүүлүктүн басаңдашы мисал боло алат.

Ошол себептен Кыргыз Республикасынын экономикасын калыбына келтирүү үчүн вакцинацияны күчөтүү, чектөөрлөрдү жоюу, чет өлкөлөр менен алакаларды калыбына келтирүү сыяктуу иш аракеттерди жүргүзүү зарыл. Коллективдүү иммунитетти иштеп чыгуу үчүн 70 пайыз калкты вакцинациялоо зарыл деп БДСС уюму айтып келүүдө [3].

Бүгүнкү күнгө «COVID-19» илдетине каршы вакцина алгандардын саны Кыргыз Республикасы боюнча болгону 8 пайызды гана түзөт.[2]

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Жыйынтыктап айтканда Кыргыз Республикасынын ички дүң продукту 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 6,3 пайызга төмөндөгөн. Андан сырткары Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсү үчүн керек болгон негизги капиталды инвестициялоо 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу 30,9 пайызга төмөндөшү биздин экономиканын өнүгүүсүнүн басаңдашына алып келээри айдан ачык. Акыркы мезгилде өсүп өнүгүп келе жаткан курулуш тармагы да пандемиядан бир топ жабыркады, анын кесепетинен курулуш тармагы 18,8 пайызга төмөндөдү. Дагы бир орчундуу макроэкономикалык көрсөткүч болуп жумушсуздук саналат, бул көрсөткүч 16,5 пайызга өскөн. Кыргыз Респуликасынын өкмөтүнүн алдында пандемиянын кесепеттерин жоюу жана экономиканы туруктуу өнүгүү жолуна салуу боюнча чон жумуштар күтүп турат.

Кыргыз Республикасынын экономикасын астыбыздагы жылдары оор сыноолорду баштан кечирүүгө туура келет, анткени пандемиядан сырткары Кыргыз Республикасынын тышкы карыздарын төлөө убактысы да чукулдап барат, бул да экономиканын басаңдашына өз таасирин тийгизбей койбойт.

## Колдонулган булактар

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

1. http://www.stat.kg/
2. http://med.kg/ , COVID-19га каршы эмдөө.
3. https://www.who.int/ru/ , Коллективный иммунитет.
4. http://www.stat.kg/ Улуттук статистика комитети. Кыргызстан цифраларда 2020.
4. http://www.stat.kg/ Улуттук статистика комитети. Кыргызстан цифраларда 2019.
5. http://www.stat.kg/ Улуттук статистика комитети. Кыргызстан цифраларда 2018.
6. https://rus.azattyk.org/ Правительство приняло стратегию управления госдолгом до 2023 года, 25 августа 2020г
7. Мейманкулова Н.Ч. Кыргыз Республикасынын региондорунун макроэкономикалык корсөткүчтөрүн талдоо [Текст] / Н.Ч.Мейманкулова, Н.К.Токтогазиева, А.Ж.Камчыбекова // Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2019. - №2(64). – 322-326 б.